**ТАРЫХ**

УДК: 81’373.212(575.1):39:159.9
ORCID:0009-0008-7528-3881

**Досалиева Мунайым Молдалыевна**
Б.Осмонов ат. Жалал-Абад мамлекеттик университети

**КЫРГЫЗЧА АДАМ АТТАРЫ - РУХАНИЙ БААЛУУЛУКТАР КАТАРЫНДА**

**Досалиева Мунайым Молдалыевна**
Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова

**КЫРГЫЗСКИЕ ЛИЧНЫЕ ИМЕНА В РЯДУ ДУХОВНЫХ ЦЕННОСТЕЙ**

Dosalieva Munaiym Moldalievna
Jalal-Abad State University named after B. Osmonov

**KYRGYZ PERSONAL NAMES AS PART OF SPIRITUAL VALUES**

**Аннотация.** Макалада кыргыз элинин руханий баалуулугу катары адам ысымдарынын инсандык калыптанууга жана психологиялык өнүгүүгө тийгизген таасири изилденет. Изилдөөдө балага ат коюу салтынын психологиялык аспекттери, анын наристенин инсандык өнүгүүсүнө, өзүн-өзү таанып-билүүсүнө жана социалдык адаптациясына тийгизген таасири талдоого алынган. Кыргыз элинде балага ат коюунун символикалык жана тарбиялык маанисин белгилеп, ислам маданиятынын күчөшү менен кыргыз ысымдарынын ордуна арабча ысымдардын жайылышы улуттук өздүк идентификацияга кандай психологиялык коркунуч жаратары баяндалды. Изилдөөдө психологиялык байкоо, контент-талдоо, салыштырма талдоо жана анкета жүргүзүү методдору колдонулду. Практикалык бөлүгүндө башталгыч мектеп окуучуларынын ысымдарынын мазмундук жана социалдык-психологиялык аспектиси талданган. Статистикалык маалыматтар аркылуу балдарда улуттук өздүк аң-сезимдин калыптанышы боюнча психологиялык тенденциялар аныкталган. Жыйынтыгында, изилдөөнүн натыйжасында адам ысымдары инсандык идентификациянын жана руханий коопсуздуктун маанилүү фактору экендиги белгиленет. Кыргыз ысымдары балдардын улуттук аң-сезимин бекемдөөгө өбөлгө түзүп, алардын психологиялык туруктуулугуна оң таасирин тийгизет. Илимий баянрдамада кыргыз ысымдарын сактоо зарылдыгы жана бул багыттагы улуттук саясий-тарбиялык чаралар сунуш кылынат.
**Негизги сөздөр:** адам ысымдарынын баалуулугу, өздүк идентификация, антропонимия, психологиялык коопсуздук, руханий дөөлөт, ислам маданияты,азан айтуу, арабча ысымдар.

**Аннотация.** В статье исследуется влияние личных имен как духовной ценности кыргызского народа на формирование личности и психологическое развитие. Рассмотрены психологические аспекты традиции наречения имени ребенку и их воздействие на личностное развитие младенца, его самосознание и социальную адаптацию. Отмечается символическое и воспитательное значение именования в кыргызском обществе, а также описывается, какие психологические риски для национальной идентичности создает распространение арабских имен на фоне усиления исламской культуры. В исследовании применены методы психологического наблюдения, контент-анализа, сравнительного анализа и анкетирования. В практической части проанализированы содержательные и социально-психологические аспекты имен учеников начальных классов. На основе статистических данных выявлены психологические тенденции формирования национального самосознания у детей. В результате исследования установлено, что личные имена являются важным фактором личностной идентификации и

духовной безопасности. Кыргызские имена способствуют укреплению национального самосознания детей и оказывают положительное влияние на их психологическую устойчивость. В научном докладе подчеркивается необходимость сохранения кыргызских имен и предлагаются меры национальной политики и воспитательной работы в этом направлении.

**Ключевые слова:** ценность личных имен, личная идентификация, антропонимия, психологическая безопасность, духовные ценности, исламская культура, произнесение азана, арабские имена.

**Abstract:** The article explores the influence of personal names, as a spiritual value of the Kyrgyz people, on personality formation and psychological development. It examines the psychological aspects of the tradition of naming a child and its impact on the infant's personal development, self-awareness, and social adaptation. The study highlights the symbolic and educational significance of naming in Kyrgyz society and describes the psychological risks to national identity posed by the spread of Arabic names amid the strengthening of Islamic culture. The research employs methods such as psychological observation, content analysis, comparative analysis, and surveys. In the practical part, the semantic and socio-psychological aspects of the names of primary school students are analyzed. Statistical data are used to identify psychological trends in the formation of national self-consciousness among children. The results show that personal names are an important factor in personal identification and spiritual security. Kyrgyz names contribute to strengthening children's national self-awareness and have a positive impact on their psychological resilience. The scientific report emphasizes the necessity of preserving Kyrgyz names and proposes national policy and educational measures in this direction.

**Keywords:** value of personal names, personal identification, anthroponymy, psychological security, spiritual values, Islamic culture, azan recitation, Arabic names.

**Киришүү.** Кыргыз эли этнос болуп калыптангандан бери тарыхтын татаал жолунан басып өтсө да улут катары өзгөчөлүктөрүн сактай алды.

Ата-бабаларыбыз эзелтен өзүнүн турмуштук түшүнүктөрүн, дүйнө таанымын билдирген үрп-адат, ырым жырымдарды жаратты. Бирок эгемендүүлүккө ээ болгонго чейин учурунда айрым саясий көз караштардын таасирине кабылып, бир топ өзгөрүүлөргө, жаңыланууларга дуушар болду. Кандай болгон күндө да эң башкысы кыргыздын абийир кодекси кылымдан кылымга, оstation оозго өтүп сакталып, ушул учурга чейин ар бир кыргыздын жүрөгүндө жашап келүүдө [3, 3-б.].

Кыргыз элиндеги каада-салттар да турмуштун ар кандай кырдаалдарына жараша улам кийинки муунга берилип келе жаткан элибиздин руханий дөөлөтү болуп эсептелет. Бирок доор алмашкан сайын, баалуулуктар да өзгөрүп, орун алмашып, коомдо жашаган адамдардын баалуулуктарга болгон көз караштары да өзгөрүп бара жатат [2,162-б]. Ошондой баалуулуктардын катарына адам аттарынын баалуулуктарын кошсок болот. Мезгилге жараша кыргыз ысымдары жашообуздан сүрүлүп чыгып бара жаткандай туюлат. Баардык баалуулуктардын ичинен адамзаттын өзү эң жогору баалуулук болуп саналат. Ал өз ичине анатомиялык, физиологиялык, психикалык, интеллектуалдык өзгөчөлүктөрүн камтыйт. Инсандын баалуулук позициясына адамдын өз аймагынын табиятына органикалык жактан дал келиши жана анын катаал шарттарда жашоого мүмкүндүк берген ден соолугунун абалы чоң мааниге ээ. Тоолуу аймакты байырлаган кыргыз эли кайраттуу, көк жал, намыстуу гана болбостон, эң жогорку баалуулук катарында ата-эненин наристесин эсептеген. Кыргыз элинин дүйнө таанымында адам жөнүндөгү көз караштары илимге чейинки билимдерде, мифтерде, диний ишенимдерде топтоштурулуп, улам кийинки муунга өткөрүлүп берип отурган. Санат-насыят ырларында, термелерде, уламыштарда адамдын акылы, жүрүм-туруму, адеп-ахлагы жөнүндө айтылып этикалык, эстетикалык баалуулуктар жөнүндө чагылдырылып берилет. Ошолордун катарында дагы бир баалуулук катары кыргыз элинде адам аттары эсептелинет.

**Актуалдуулугу:** Ушул тапта Жогорку Кеңеш адамдын тегатын жазуу боюнча "Жа-

рандык абал жөнүндө" мыйзамга өзгөртүү киргизүү боюнча маселени карап жаткан учуру. Парламенттин төрагасы Нурланбек Шакиев бул маселени бир катар маанилүү жагдайларды эске алуу менен алып чыкты. Баланын аты – ата-эненин, ошону менен бирге жалпы элдин руханий байлыгы болуп санала турганына басым жасоо менен, ушул мезгилде кыргыз адам аттарынын сейрек коюлуп, кейиштүү абалда экендигин белгиледи.

Киши аттарынын ар бири – өз алдынча көп нерседен кабар берип турган чоң казына, ата-бабаларыбыздан бизге жеткен жана келечек муундарга кала турган маданий кенч катары бааланат. Мамлекетибизде ушул убакытка чейин балага кандай ат коюу – ар бир ата-эненин өз эркинде экендигин эч ким танбайт. Бирок, канткен менен, ысым ыйгарууда элдик эстутум, учурдун жана болочокко маданий уңгуну сактоонун талабы бар экендигин эстен чыгарбоо зарыл.

Балага энчилеп ат коюу салты узак мезгилди басып өткөн, турмуштун ар кандай кырдаалдарында сыналган, тиричилик менен, эл менен кошо жашап, тынымсыз кызмат өтөп жаткан улуттук феномен (эч бир кайталангысыз жана теңдеши жок керемет), мына ошондуктан улуттун эпикалык чыгармаларынын дээрлик бардыгында көңүл бурулган.

Адам аттары (антропонимдер) — кылымдарды карытып келе жаткан, мифологиялык аң-сезим менен чыныгы турмуштук тажрыйбанын айкалышынан пайда болгон, адамдардын дүйнө таанымы жана туюму менен тыгыз байланышкан этномаданий лексикалык катмар. Кыргыз элинде бул энчилүү адам аттары лексикалык жана көркөм дөөлөттөрдүн баалуу булагы болуп саналганы менен, көп учурда жетиштүү деңгээлде бааланбай, көмүскөдө калып келген [1, 9-б]. Антропонимдер аркылуу улуттук аң-сезим балдарга өтөт жана улуттун улуулугун ырастайт [1,37-б ].

Жашы кырктан өйдөлөп калган аталар (башка жакта – чет өлкөдө, Кыргызстандан алыс жакта жашагандар) перзенттүү болушканда (баласынын кыз же эркек экендигине карабастан) накта улуттук салттуу ысымдарды берүүгө аракеттенишет. Муну менен алардын психологиясында өз элине болгон сүйүүсү ойгонуп да, козголуп да, ошону менен жан дүйнөсүндөгү руханий дүрбөлөң, кооптолуу башталгандыгын байкоого болот. Бул учурда кишинин курак психологиясындагы сезимдердин тополоң түшүшү туюлат да, чөлкөмдүк- аймактык координация өкүм сүрөт [1, 36-б.].

Элибизде инсанга берилген ысым жашоосунда тагдырына таасир этет деген ишеним жашайт. Ысымдын берилиши көп жагынан ата-эненин психологиясына, ошол учурдагы маданиятка жана коомдук көз карашка байланыштуу. Ысымдар көп учурда анын туюнткан маанисине карата **социалдык таасирин** да түшүндүрөт. Көбүнчө туулган жеринин географиялык түзүлүшүнө же ошол жерде жашаган элдердин этникалык дүйнө таанымына байланыштуу болушу мүмкүн. Бул болсо коомдук психологиянын учурдагы абалы катары чагылдырылат. Кыргыздарда адам аттары да баалуулуктар катарын толуктайт. Анткени адамга берилчү ысым кыргыз элинин тарыхы, дүйнө таанымы, тил маданияты, каада-салты жана үмүт-тилеги менен тыгыз байланышкан. Жөнөкөй процесстей сезилгени менен, ал руханий жана символикалык мааниге ээ болгон маанилүү иш катары бааланат. Ар бир ат — ошол адамга карата жакшы тилек, каалоо, үмүт же белгилүү бир окуя менен байланышкан маанилүү белги болуп саналат. Ошондой эле ал өзүнүн атынын маани-маңызын түшүнүп турушу кажет.

Кыргыздарда балага ат коюуга өзгөчө маани берилген. Анткени, ат койгон адам, коюлган ысым баланын келечегине таасирин тийгизет деп ишенишкен. Эгерде төрөлгөн наристе эркек болсо, ат коюу салтанаты абдан шаңдуу өткөрүлүп, ал эми кыз болсо – анда үй-бүлө чөйрөсүндө гана өткөрүлөт. Балага атты ырымдашып кадырлуу адамга, аксакалга койдурушкан. Көпчүлүк учурда неберелеринин, өзгөчө тунунун атын чоң атасы койгон. Бала төрөлгөн мезгилде келип калган конок өтө кадырлуу болгон, анын урматына балага анын ысымын ыйгарышкан же ага балага ат коюу укугун беришкен [6,45-б]. Анткени кыргызда келген конокту кудайы конок дешип абдан сыйлашкан.

Көчмөндүк жана жоокерчилик заманга жараша мал чарбачылык менен алектенген калктарда, анын ичинде кыргыздарда эркек балдарга көңүл көбүрөөк бурулуп, натый-

жада алардын энчилүү аттарына (кыз балдардын энчилүү аттарына салыштырмалуу) бөтөнчө назар ташталган. Мунун өзү эр аттарынын сан жагынан көп жана ар түрдүү болушун шарттаган [1,37-б ].

Кыргыздар балдарына жан-жаныбарлардын, канаттуу куштардын атынан коюлган ысымдарды көп беришкен. Айрыкча жырткыч жаныбарлардын, Арстан, Арстанбек, Жолборс, Бөрү, Бөрүбай, Кабылан, Өтөгөн, Мадыл жана куштардын: Бүркүт, Шумкар, Сыргак, Ылаачын сыяктуу ысымдар басымдуулук кыларын белгилөөгө болот. Мындай аттар бала келечекте ушул жаныбарлардай жүрөктүү, күчтүү, кайраттуу болсун деген тилек менен коюлат. Булар элибиздин бир мезгилде ушул жаныбарларды ыйык туткан тотемдик ишенимдери менен байланыштуу болуп, байыртадан бери келе жаткан салттуу ысымдар болуп саналат [5, 61-б].

Ат коюу кыргыздарда жоопту иш болуп, магиялык маанидеги идеологиялык көз караштар менен тыгыз байланышкан. Ат коюучу адегенде наристени бир сыйра карап, денесиндеги мүнөздүү белгилерди байкап, ошого жараша ат тандаган. Мисалы, калдуу болсо Калмырза, Калык, Калыбек, анарлуу болсо Анара, Анаркан ж. б; коюу каштуу болсо Каракаш ж. б. Аптанын кайсы күнүндө төрөлсө Дүйшө, Шейшекан, Шаршен, Бейше, Жумабек, Ишемкул, Жекшенбай ж. б. [7].

Байыркы учурдан тартып узак кылымдар бою кыргыз элинде бала туулары менен эле ааламга келген наристеге ат койгон салт болгон. Бул эзелки жөрөлгө элибизге ислам дининин кириши менен жаңы төрөлгөн баланын кулагына угуза азан айтуу менен коштолгон. Азан чакыргандагы балага ыроолонгон анын ысымын ошол кызыл эт бала укпаганы менен, ал али түшүнбөгөнү менен эл аны көз ача элек ымыркай угат, туят деп эсептешкен жана ишенишкен. Кыргыз элинин тарыхында балага ат коюу салты да мезгил менен кошо өзгөрүп отурган [4,7-б] .

Чынында азыркы убакта деле азан айтылгандан кийин баланын кулагы угуп калат деген ишеним жашайт. Ар бир ата-эне жаңы туулган наристенин кулагына азан сөзсүз айттырыш керек дешет. Эгер азан айтылбай калса ата-эне өзүн күнөөлүү сезип, баланын келечегинен кабатырланат. Ушул учурда диний радикализм жана ислам маданияты мамлекетибизде ачык эле байкалып турган мезгили. Ар бир үйдө бирден молдо бар десек жаңылышпайбыз. Ошондуктан жаңы туулган наристелердин да ысымы арабча коюлуп жаткандыгы далил катары айтсак болот.

2024-жылы жаңы төрөлгөн кыздарга жана балдарга коюлган эң көп ысымдар Кыргызстандын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаменти тарабынан жарыяланды. Маалыматка ылайык, Айлин кыздардын эң популярдуу ысымы болуп калды. Кыргыз Республикасында 2365 ымыркайга ушундай ысым коюлган. Эркек балдар үчүн эң көп колдонулган ысым Мухаммед (3705) болгон.

Кыздарга өткөн жылы эң көп төмөнкү ысымдар коюлган:

Салиха – 1 миң 751; София – 1 миң 449; Амина – 1 миң 439; Фатима – 1миң 343; Алия – 1 миң 292; Айша - 1 миң 170; Хадича – 1 миң 139 [8].

Статистикалык маалыматты карасак эң көп коюлган ысымдар башка тилден келген. Бул көрүнүш эмнеден кабар берет, улуттук уңгубуз эмне болот? Эң биринчи эле адамдын өздүгү катары саналган ысымы башка улуттун сөзүнөн алынган болсо, ал сөздүн маанисин өзү түшүнөбү бала? Деген суроолор ар бир кыргыз жаранын түйшөлтүп, жооп издөөгө мажбурласа, эртеңки кыргыз улутубуздун келечегине бир аз болсо да салым кошкон болуп саналар элек.

Башталгыч мектеп окуучуларынын арасында адам аттары боюнча салыштыруу жүргүздүк. Мында №17 мектептин жана №4 мектептин 4 класстарынын окуучуларынын аттары боюнча салыштырууларды карап көрөлү: жалпы 51 окуучу

| № | Жалпы саны | Уул балдар | Кыз балдар | Уул балдардын аттары | Кыз балдардын аттары | Кыргызча аттар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| №17 мектеп, ;4а класс | | | | Али,Умар,Али, Элмирбек, Алинур, Бекмамат, Умар, Амирхан, Умар, Абубакир, Рамзан, Тимур, Даниел, Амир | Бегимай, Фатима, Хадича, Асема,- Сабина, Салиха, Элена, Хадича, Айбийке, Мадина, Раяна | Бекмамат, Бегимай, Айбийке |
| | 26 | 14 | 11 | | | |
| №4 мектеп; 4а класс | | | | Азирет-Али,Умар, Султан, Мээримбек, Залкар, Нурсултан, Имар, Рамазан, Умар, Абдулла, Алимуса, Эрмек, Нурислам | Курманжан, Сумая, Аделя, Раяна, Айзирек, Акмаанай, Раяна, Айбийке, Медина, Элина, Жасмина, Аэлита | Султан, Мээримбек, Залкар, Нурсултан, Эрмек, Курманжан, Айзирек, Айбийке, Акмаанай |
| | 25 | 13 | 12 | | | |
| Жалпы: 51 | | | | 27 | 23 | 11 |
| % | | | | 55% | 45 % | 21% |

Демек салыштыруудан көрүнүп тургандай №17 мектептин жана №4 мектептин 4-класстарынын окуучуларынын аттары боюнча кыргызча ысымдар жалпы 21% гана түзөрүн аныктадык. Ал эми азыркы туулган наристелерге коюлган аттарды макалабыздын жогору жагында статистикалык маалымат боюнча билдиргенбиз

Ошентип, адам аттары - эл байлыгы, эл чыгармачылыгы. Демек, ал - коомдук маданий жана рухий байлык. Мына ошондуктан, ал ар дайыма барктап - кадырлоону, иликтеп-иргөөнү, улам кийинки муундарга тартуулап турууну талап кылат [1, 13-б.].

Адамга берилген ысым менен тагдырдын окшошуп калышы жөн гана кокустук болушу мүмкүн эмес. Адамга өзүнүн ысымы жакса, сыймыктануу пайда болуп, шыктанып, дайыма күч-кубат тартуулаап турганын сезет. Психологдордун айтымында адамдын ысымы экинчи бир адамга жакпаса "ээсине" да жакпай калуусу толук мүмкүн. Ал эми өзүнө жакпаган ысымды алып жүргөн адам, өзүнө нараазычылыгы күчөп, сөзсүз ысымын эстегенде терс эмоцияларга кабылат, өзүнө болгон ишеничи азаят, аны башкалар дайым шылдыңдап тургандай сезилет. Ошондуктан наристелерге бериле турган ысым маанилүү гана болбостон, жагымдуу болушу да шарт болуп эсептелет.

**Корутунду:** Адам ысымы этностук баалуулуктардын катарын толуктап тургандыктан, ар бир кыргызмын деген жаран балдарына кыргызча ысым коюшу керек. Кыргызча ысымдар дайыма бркталып, кадырлоону, улам кийинки муундарга тартууланып турушу шарт. Балага энчилүү ат берүү салты мамлекттик деңгээлде көңүл бурууну талап кылат.

- Кыргыз ысымдары улуттун руханий дүйнөсүнүн күзгүсү экенин белгилөө;
- Кыргыз ысымдарын сактоо жана жайылтуу зарылдыгын үй-бүлөгө милдеттендирүү.

**Колдонулган адабияттар**:

1. Жапаров Ш. Адам аттары эл байлыгы. – Бишкек, 2009.
2. Досалиева М. Личносттун калыптанышында кыргыз элдик каада-салттардын ролу. / Наука, новых технологий и инновации Кыргызстана. - Бишкек, 2022. №6. - 162-б.
3. Кыргыз кодекси: Публицистикалык басылма / Түзгөн: Уланбек Абдрахманов. – Бишкек, 2015. - 3-б.
4. Муратов А. Балдарга багышталган элдик салттар жана тойлор. – Бишкек, 2015. - 7-б.
5. Мурзакметов А. Кыргыз-өзбек этномаданий жалпылыктары. 60-б.
6. Молдокулова Д.Т. Кыргыздардын салттык жүрүм-туруму. (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы). – Бишкек, 2016. - 45-б.
7. https://ky.wikipedia.org/wiki/%D0%90%D1%82_%D0%BA%D0%BE%D1%8E%D1%83
8. https://www.facebook.com/apta.kg/posts/%D0%B1%D1%8B%D0%BB%-/1168559417953861/